2015-89

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.13.008 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
УДК: 371.3:681.142


**ЙЫЛДЫЗ ТЕКИН**


# ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕКТЕПТЕРИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООНУН ТАРЫХЫ ЖАНА ӨНҮГҮШ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканынжана
билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2015**

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Алимбеков Акматали**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **Наркозиев Аманбек Карашевич**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Зулуев Бекмурза Бекболотович**

**Жетектөөчү мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы. Дареги: 720024, Бишкек шаары, Манас проспекти, 101.

Диссертация 2015-жылдын 20-февралында саат 13.00 до И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.13.008 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2015-жылдын 19-январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Калдыбаева А.Т.**

## ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы дүйнөнүн билим берүү мейкиндиги бири-биринен маданий салттары, максат милдеттери, деңгээлдери, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча айырмаланган улуттук системалардан турат. Соңку жылдардагы ааламдашуу тенденциялары калктар жана мамлекеттер арасындагы көз карандылыкты болуп көрбөгөндөй күчөттү. Айрыкча, таалим-тарбия чөйрөсүндө, мезгил койгон суроолордун жоопторун биргелешип табуу зарылчылыгы жаралып олтурат. Тилекке каршы, мындай иш аракеттер билим берүү системасын структуралык жактан өзгөртүүгө багытталган аспекттер менен гана чектелип, окуучулардын руханий нравалык баалуулуктарын өнүктүрүү жаатындагы ийкемдүү тажрыйбалар көңүл сыртында калып келүүдө. Өлкөлөр арасында бири-биринен үйрөнүү актуалдуулугу жогору баалуулуктардын бири атуулдук насили жогору мекенчил жаштарды тарбиялоо тажрыйбалары.

Түпкүлүгүндө таалим-тарбия процессинде ааламдаштыруу процесстеринин жемиши катары жайылган универсалдуу идеалдарды тарыхый-этномаданий нарк дөөлөттөр менен айкалыштыруу, жаштардын «ата-журттун көйгөйлөрүнө кайдыгер, өз Ата Мекенинде бөтөн адам» болуп калыптанып калбашынабөгөт коёт. Ушул багыттагы бекем ориентирлерди түптөөдө, чыңдоодо маданий баалуулуктары тектеш Түркия сыяктуу мамлекеттердин тажрыйбасы өтө маанилүү. Түркия – мектеп окуучуларын жана жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча кайтарымдуу тажрыйба жарата алган өлкө. Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун актуалдуулугу Түркия Республикасынын Конституциясында, “Улуттук билим берүү” боюнча баш мыйзамда, мектептердин ишине багыт берүүчү расмий документтерде, билим берүү программаларында, окуу китептеринде чагылдырылган. Ал эми Түркия Республикасынын илим чөйрөсүндө окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо жана алардын атуулдук аң сезимин өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык маселелери Ү.Акжүз, О.Аксой, С.Бүйүккарагөз, И.Доган. М.Гүндүз, И.Гүркайнак, М.Эргин, И.Караташ, Н.Каракая, Н.Йавуз, Д.Йылмаз сыяктуу педагог-изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде изилденген. Кыргызстандагы таалим-тарбиянын мазмуну узак жылдар бою мурдагы совет мамлекеттери менен өзөктөш өнүгүп келгендиктен, мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык жана практикалык маселелери да ошол мейкиндиктеги илимий-педагогикалык ойлордун контекстинде калыптанган. Совет доорундагы педагогикалык адабияттарда окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого зор көңүл бурулуп, туулган жерди жакшы көрүү сезими социалисттик коомдук түзүмгө берилгендик жана аны коргоого даяр болуу менен айкалышып турууга тийиш экендиги

баса белгиленип келген (Г.Н. Волков, Б.Т. Лихачев, И.Ф. Харламов, жана башкалар). Азыркы педагогикалык илимде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо маселесине бир катар изилдөөлөр арналган (С.Е. Матушкин, Н.Д. Никандров, В.А. Сластенин, А.С. Куликов, В.И. Кузьмин, А.С. Целовальникова, Н.В. Ипполитова, И.Н. Глазунова ж.б.). Кыргызстандын педагогика илиминде окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый-педагогикалык аспекттери атайын изилденген эмес. Бирок, А. Алимбеков, Б. Апышев, Н. Асипова, С. Байгазиев, Ж. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н. Имаева, С. Иптаров, А.Т. Калдыбаевалардын изилдөөлөрүнүн контекстинде колго алынып актуалдаштырылып келген.

А. Алимбеков өз эмгектеринде кыргыз жана түрк элдеринин педагогикалык маданиятынын исламга чейинки этаптарында жалпы типтүү баалуулуктар басымдуулук кылаарын көп кырдуу булактардын негизинде ырастаган. Эгемендүү Кыргызстандын шартында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун приоритеттүү багыттары С.О. Байгазиев тарабынан иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген концепцияда аныкталган[1]. Бирок, Кыргызстандын педагогикалык билимдер чөйрөсүндө, ошондой эле мектеп практикасында, окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча башка, айрыкча, тектеш өлкөлөрдүн социалдык-педагогикалык тажрыйбалары белгисиз бойдон калууда. Бул маселеге Кыргызстан жана Түркиянын билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштары боюнча изилдөөлөрдө да олуттуу көңүл бурулган эмес. Дал ушундай өксүктүк Түркиянын педагогика илим чөйрөсүндө да орун алган. Ошентип, тектеш элдердин мекенчил инсанды тарбиялоо багытындагы тарыхый бир тамырдан башат алып, өнүгүп келе жаткан тажрыйбаларын өз ара таануу, колдонуу маселеси илимдеги «ак так» боюнча калып келүүдө. Педагогикалык теория менен практикада орун алган мындай мүчүлүштүк бизге «Түркия Республикасынын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары» деген темадагы диссертациялык изилдөөнү тандап алууга негиз болду.

**Изилдөөнүн темасы** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин илимий-изилдөөчүлүк ишинин планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** Түркиянын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый жактан калыптанышын, өнүгүү тенденцияларын айкындоо.

[1]Байгазиев С.О. Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы // Кут билим, 2013. – 24-май. – 2-3-бб.



**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Мекенчилдикке тарбиялоого байланыштуу түрк дүйнөсүндө жана башка маданияттар мейкиндигинде калыптанган түйүндүү идеялар жана түшүнүктөрдүн жалпы жана айырмалуу жактарын айкындоо, конкреттештирүү.
2. Байыркы мезгилден Республика курулганга чейинки Түркиядагы мекенчилдикке тарбиялоо системасынын өнүгүү, калыптануу тенденцияларын айкындоо.
3. Түркиянын улуу лидери Мустафа Кемаль Ататүрктүн жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун баалуулуктарын өнүктүрүүдөгү ролун ачып көрсөтүү.
4. Түркия Республикасынын азыркы мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун өнүгүш тенденцияларын айкындоо.
5. Түркия Республикасынын окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларын Кыргызстандын мектептеринде колдонуунун өбөлгөлөрүн жана жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

– мекенчилдикке тарбиялоого байланыштуу түрк дүйнөсүндө жана башка маданияттар мейкиндигинде калыптанган түйүндүү идеялар жана түшүнүктөр теориялык жактан жалпыланды, маани-маңызы такталды;

– Түркияда байыркы мезгилден азыркы күнгө чейинки окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо системасынын өнүгүш этаптары тарыхый-педагогикалык жактан талдоого алынып негизги тенденциялары ачылып көрсөтүлдү;

– Түркия Республикасынын окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын кыргыз мектептеринде колдонуунун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү жана жолдору аныкталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу:** теориялык жактан талдоого алынган материалдар Түркия Республикасындагы билим берүүнүн тарыхын жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Салыштырма педагогика», «Этнопедагогика» сабактарында толук чагылдырууга өбөлгө болот. Изилдөөнүн материалдары кыргыз мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүгө өбөлгө боло алат. Диссертацияда иштелип чыккан теориялык жоболор жана корутундулар Кыргызстанда жана Түркияда тарыхый педагогикалык изилдөөлөрдүн объекттик жана предметтик чектерин кеңейтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Түрк дүйнөсүндө жана башка маданияттар мейкиндигинде калыптанган мекенчилдикке тарбиялоонун мазмуну «ата-журт» жана «ата-

мекен» деген жалпы түшүнүктөргө негизделгени менен тарыхый, социалдык өнүгүшүнө жараша олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

2. Түркиядагы мекенчилдикке тарбиялоо системасынын өнүгүш тенденцияларын шарттуу түрдө: исламга чейинки мезгил же орток көчмөн жашоо образы менен жашаган мезгил; исламга кирген мезгилден баштап курган мамлекеттик түзүлүштөрү мезгили; Осмон доорундагы өнүгүш катары бөлүп көрсөтүүгө болот. Бул этаптарда мекенчилдикке тарбиялоонун мазмуну түрк элдерине таандык орток баалуулуктарды өнүктүрүү, ошондой эле андан чегинип ислам дининин таасиринде калуу тенденциялары бар экендиги тастыкталды.

3. Мустафа Кемаль Ататүрктүн азыркы Түркия мектептеринде мекенчилдикке тарбиялоонун фундаменталдык баалуулугу катары эсептелген окуусу улуттук тарыхка таянуу, түрк коомун заманбап цивилизациялардын катарына кошуу, түрк улутуна ишенүү, улуттук бирдик жана биримдик сыяктуу принциптерге негизделген.

4. Түркия мектептеринде окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун мазмуну билим, туюмдук, көз караштык, жүрүм-турумдук компоненттер таризинде гуманитардык сабактардын окуу программаларында, окуу китептеринде долбоорлонуп, салттуу жана заманбап методдор аркылуу окуу процессинин жана мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш аракетинин контекстинде ишке ашат.

5. Кыргызстанда Түркия Республикасынын окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын колдонуунун төмөнкүдөй багыттарын белгилөө болот: коомдо антипатриоттук көз караштардын жайылышын чектөө боюнча мыйзамдарды кабыл алуу; улуттук маданий иденттүүлүгүн, мекенчилдигин калыптандырууга багытталган концепцияларды иштеп чыгуу; окуу программаларынын мазмунун өз элинин тарыхы, "идеал-символ" инсандары менен сыймыктануу сезимин жаратуучу материалдар менен толуктоо; Түркиянын мектептериндеги Мамлекеттик Гимн, Тууга байланыштуу тарбиялык тажрыйбаларды биздин республиканын өзгөчөлүктөрүнө ылайык өркүндөтүү.

***Изилдөөчүнүн өздүк салымы:*** тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык материалдарды талдоонун негизинде түрк дүйнөсүндөгү окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого байланыштуу түшүнүктөр башка маданияттардагы эквиваленттери менен салыштырылып талданды, конкреттештирилди; Түркияда мекенчилдикке тарбиялоонун генезиси, өнүгүш тенденциялары системдүү талдоого алынды; Түркия Республикасынын окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларынын негизинде кыргыз мектептери үчүн илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.



***Изилдөөнүн жыйынтыктары*** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын жыйындарында, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий-методикалык семинарларда талкууланды. Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде "Ааламдашуу алкагында бакалаврдан кийинки жогорку билимдин абалы жана келечеги" (Бишкек, 2010) жана «Билим берүүнүн көйгөйлөрү жана эл энсеген жаңы муун» (Жалал-Абад, 2012), Эл аралык «Билим берүү процессиндеги окутуунун жана тарбиялоонун сапатын жогорулатуу маселелери» аттуу республикалык (Ош, 2012) конференцияларда докладдар окулган.

***Изилдөөнүн жыйынтыгынын толук жарыяланышы.*** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболор жана практикалык жыйынтыктар 10 макалада чагылдырылган.

***Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:*** Диссертациялык иш *киришүүдөн,* үч главадан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Жалпы көлөмү 174 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Түркияда жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый-педагогикалык негиздери"** аттуу биринчи главада изилдөөнүн 1-2-милдеттерине кирген мекенчилдикке тарбиялоого байланыштуу түрк дүйнөсүндө жана башка маданияттар мейкиндигинде калыптанган түйүндүү идеялар жана түшүнүктөр, Түркиядагы Республикага чейинки жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо системасынын өнүгүш тенденциялары талдоого алынды. Бул тарыхый-педагогикалык кубулуштун татаал табиятын талдоодо илимде калыптанган цивилизациялык, эволюциялык, этномаданияттык методологиялык жоболорду өз ара катышта жетекчиликке алдык. Изилдөөнүн натыйжалары дүйнөнүн бардык цивилизацияларындагы мекенчилдикке тарбиялоонун мазмуну адамдын "Ата-Журт" жана "Ата Мекенге" карата мамилесине байланыштуу түптүү түшүнүктөргө негизделгенин, ошону менен бирдикте тарыхый социалдык жана мейкиндик образдары менен шартталганын тастыктады. Түрк элдеринин байыркы көчмөнчүлүк турмуш салттарын чагылдырган булактарда «аталардын жер-суусу», «улус», «үлүш», «билает» түшүнүгү мекенди туюнткан метафора катары катталып калган. Көктүрк, уйгур жана караханиддер «ил» сөзү түздөн-түз «дөөлөт» сөзүн белгилүү чеги болгон, үстүндө калк жашаган бир мамлекетти билдирген. Түрктөрдүн түшүнүгүндө мекен – бул жүз жылдар эл жашап, алар тарабынан корголуп сакталып, өз алдынча маданият түптөлгөн жер. Көк түрк жазуу эстеликтеринде «Тогуз бодун йирин – *субын* ыдып Табгачгару барды", б.а. «жерин, суусун ээсиз таштап

качкандар» калк тарабынан катуу жазаланган. Ушундай эле окшош фактылар 15-кылымдагы Осмон империясына таандык "Мусселем" дептерлеринде да кездешет. Түрк калктарынын мекенчилдик түшүнүктөрүндө "жер" менен бирдикте "эл" түшүнүгүнө да өзгөчө басым жасалат. Айрым учурда "эл" түшүнүгү маани-маңызы жагынан борбордук мааниге ээ болот. Анткени, көчмөндөрдө жамааттык жашоонун, бар болуунун эң башкы субстанциясы элдин бүтүндүгү, бакыбаттыгы эсептелген. Түрк элдеринде мекен жөнүндөгү түшүнүктөрдүн ажырагыс атрибуттарынын бири – курчап турган табият чөйрөсү болуп эсептелээрин көрөбүз.

Изилдөөчү А. Алимбеков: "...орус элинин дүйнө туюмунда токой менен дарыя, казак элинде кумдуу чөл, кең талаа, кыргыз элинде "Ала-Too" алардын салттуу-рухий жана материалдык маданиятынын спецификалык маңызынан жана логикасынан кабар берген образ-субстраттын милдетин аткарат", – деп адилет белгилейт[2].

Европа тилдеринде "мекенчилдик", "журтташ" түшүнүктөрү шаар чектери менен айкындалат. Англис тилиндеги "citizen" сөзүн журтташ сөзүнүн түпкү уңгусун "city," б.а. шаар (кент) түшүнүгү түзүп турат. Мында "журтташ" бир журтта эмес, бир шаарда (кентте) жашап бир шаарга тиешелүү болгондорду мүнөздөп турат. Латын тилдеринде журтташ жана журтташтык, журт французча cite, итальянча cittadino, португалча cidadaol, cidadania сөзүнөн алынган. Немисче болсо журташтык сөзүнүн негизинде өлкө түшүнүгү жатат: "staatsburger/staatsangehoring keit". Дүйнөлүк таалим-тарбия мейкиндигиндеги калыптанган көз караштар төмөнкүдөй корутунду чыгарууга негиз берет: мекенди сүйүү демократиялык гуманисттик принциптерге негизделгенде гана баалуулук катары кабылданат, б.а. ал өлкөгө берилүү, өлкөнү сындоо, коомдук активдүүлүк сыяктуу критерийлер менен өлчөнөт (Роберт Шатз, Эрвин Стауб, Кан, Мидда, Дювей); жалгыз гана "Ата Мекенге берилгендик" мекенчилдиктин чен өлчөмү эмес, анткени, фашисттер да Ата Мекенге берилишкен; "мекенчилдик" жана "улутчулдук" бир-биринен айырмаланат (И.Кант, П.Клейнгельд); патриоттуулук – жалпы адамзаттагы улуттук дөөлөттөргө жана өз элиндеги адамзаттык баалуулуктарга кызмат өтөө (В.С. Соловьев); адамдын өзүнүн эң бийик барктаган баалуулугу – бул мекен үчүн кызмат кылуу (В.Г. Белинский); адамдын жан дүйнөсүнүн ишенимдүү ачкычы жана анын табиятындагы терс касиеттерге, жеке өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, уруусунун начар жактары менен күрөшүүдөгү бекем таянычы (К.Д. Ушинский). Дүйнө цивилизацияларындагы

[2]Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1996. – I-бөлүк. – 34-б.



прогрессивдүү бири-бирин толуктап турган жогоркудай илимий ойлорду жалпылоонун негизинде мекенчилдиктин төмөнкүдөй негиздерин белгилөөгө болот: *табигый негиздер* (уруу мүчөлөрүнүн ортосундагы кандаштык байланыш менен сакталып турган); *руханий-адептик негиздер* (мекенчилдик руханий баалуулуктар жана ыймандык милдеттер менен аныкталат): *саясий негиздер* (элдин учурдагы бийликти, башкаруу формаларын, мамлекеттин саясый түзүмүн, келечек багыттарын колдоого негизделет).

Изилдөөнүн материалдары түрк элдеринин тарбия маданиятында айырмачылыктарга караганда жалпылыктар көп экендигин көрсөттү. Буга байланыштуу тарых философиясынын классиктеринин бири Арнольд Тойнбинин маданияттар биримдигинин мааниси жөнүндөгү төмөнкү пикири өтө маанилүү: «Ар бир учурда биз жалпы бөлүктүн эмес, бүткүл бүтүндүн терминдери менен ой жүгүртүп, повесттин главаларын жамааттын айрым мүчөсүнүн эмес, жалпы коомдун окуялары катары андоого, анын өкүлдөрүнүн тагдырына – ар бирине өз-өзүнчө эмес, жалпы агымда көз салып, аларды гармониянын жалпы угумунда гана маани-маңызга ээ боло алган, качан өз-өзүнчө жаңырган ноталардын жыйындысына айланаар замат, ал касиеттеринен айрылып кала турган бирдиктүү бир бүтүн хордун авазддары катары кабылдоого тийишпиз. Тарыхка мына ушул ыңгайдан көз тиккенде гана биз окуялардын күңүрт хаосунда ирээттүү тартиптин барын баамдап, башта түшүнүксүз өңдөнгөн нерселерди ачык түшүнө баштайбыз»[3]. Ал эми Борбордук Азия жараткан маданият түздөн-түз ушул типтеги маданияттардын ичине кирет. Бул калк көп сандаган этникалык бөлүктөрдөн турган жана алардын ар биринин маданиятта жеке өзүнө таандык чыйыры болгон. Чыйырлар бир тамырдан өсүп чыккандыктан, булардан полифониялык хор биримдигинин жаралышы табигый көрүнүш.

Түркия түрктөрүнүн мекенчилдикке тарбиялоо маданиятынын өнүгүшүн исламга чейинки, исламды кабыл алгандан кийинки жана Республика мезгилиндеги сыяктуу тарыхый этаптарга бөлүп талдоого болот. Түрк калктарынын мекенчилдикке тарбиялоо боюнча орток тажрыйбалары исламга чейин Борбордук Азияда бир маданий мейкиндикте жашаган мезгилдерине таандык. Ал педагогикалык дөөлөттөр мифтик түшүнүктөрдө, кылымдарды карыткан дастандарда, улама санжыраларда, Орхон-Енисей таш жазууларында ачык даана берилген. Ислам доорунда жаралган жазма адабият үлгүлөрү "Коркут баба китеби", Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим", Махмуд Кашгаринин «Дивани Лугат Ат-Түрк» (Түрк тилдеринин сөздүгү) сыяктуу ж.б

[3]Тойнби, А. Дж. Постижение истории. – М.: Прогресс, 1994. – 26-б.

мурастарында катталып калган. Жазууларда маалымдалгандай, түрк уруулары элүү жыл Кытайга көз карандылыкта жашайт. Каруу күчү, кытай каганына кызмат кылат. Кытай кызыкчылыгы үчүн согушат, эмгектенет. Акырында түрк элдери: "Мамлекеттүү, өлкөлүү журт элем; мамлекетим, өлкөм кайда? Кимге өлкө куруп жатам? Кагандуу улут элем. Каганым кайда? Кайсы каганга кызмат кылып жатам?» деп өзүнө-өзү суроо коет, намысына келет. Кытайлыктарга каршы көтөрүлүшкө чыгып, 682-жылы көз карандысыз мамлекетин курууга жетишет. Өз мамлекетинин чектерин куруп, Билге каган мекендештерин, өз Ата Журтун ыйык тутуп кастарлап жашоого нускайт. «Өтүкөндө жана Өтүкөндөн жакшысы жок; ал жакта олтуруп кытай эли менен келишим түздүм. Өтүкөндө жашасаң түбөлүк чексиз жашайсың». Жазууларда дароо баамга урунган нерсе – калк башчыларынын кагандардын эң жогорку мекенчилдик үлгүсү. Каган болуу, демек калк жоопкерчилигин алуу, өзүнө-өзү "мен эмне жакшы иш жасадым?" деп суроо коюп, эл алдында эсеп берүү. Эстеликтерде өтө эле жыш учураган төмөнкүдөй саптарды белгилүү өлчөмдө кагандардын калк алдында берген эсеби катары кабылдоого болот: «Мен он тогуз жашымда шах болдум. Он тогуз жыл каган болдум. Өлкөнү, мамлекетти коргодум... Мен мынча тырышкандык менен курганды баштабасам, түрк эли өлөт эле, жок болот эле. Түрк бектери жана эл, муну ойлогула! Ушундай деп билгиле! Мен түрк элине душманды жолотподум. Бир дагы атчан бастырып келе алган жок. Анан эл кайра баш көтөрүп, чоң элге айланды. Мен өзүм карыдым, улуу жашчы болдум"[4].

Эстеликтерде айтылган патриоттук идеялар менен Манас эпосундагы төмөнкүдөй: "Кулалы багып куш кылдым. Курама жыйнап журт кылдым. Телигуш таштап куш кылдым. Тентиген жыйнап журт кылдым" деген ыр саптарынын ортосунда айырма жок экендигин ажыратуу анча кыйын эмес. Экөөндө тең өмүрүн эл намысы үчүн арнаган коомчул адеп-ахлагы жетилген инсандардын жашоо образы үлгү, өрнөк катары айтылат. Мекенчилдикке тарбиялоо жаатындагы түптүү идеялар ислам доорунда жаралган жазма адабият үлгүлөрү "Коркут баба китеби", Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим", Махмуд Кашгаринин «Дивани Лугат Ат-Түрк» (Түрк тилдеринин сөздүгү) сыяктуу ж.б. мурастарында да ар тараптуу өнүктүрүлгөн. Жалпылап айтканда, түрк элдеринин мекенчилдикке тарбиялоо жаатындагы орток баалуулуктары төмөнкүлөр: туулган жердин турпагы менен биологиялык байланыш тууралуу сакралдык туюм сезимдер; "эл", "журт" алдындагы "парыз" түшүнүктөрү; мекен, эл-журтка өмүрүн арноо хан үчүн да, катардагы адам үчүн да

---

[4] Орхон-Енисей тексттери. – Фрунзе: Илим, 1982. – 128-б.



жашоонун эң башкы маңызы экендиги жөнүндөгү коомчул аң сезим; журт башчыларынын мекендин бүтүндүгү, бакубат өнүгүшү тууралуу эл алдында, тарых алдында эсеп берүү салты; "эр", "эр жигит", "алп" титулуна ээ болуш эрдик жасап, сыноодон өтүү жөрөлгөсү; балдарды мекенди коргоого даярдоо үй-бүлөнүн, коомдун таалим-тарбия ишинин негизги максаты жана натыйжасы катары аңдалышы ж.б.

Түркия түрктөрүнүн мекенчилдикке тарбиялоо жөнүндөгү түшүнүктөрүндө алардын туткан диндеринин изи да ачык байкалат. Көк түрк доорундагы жазма эстеликтерде эрдик жеңиштердин баары теңирдин кубаты, колдоосу менен жаралганы белгиленсе, ислам динин кабыл алуу менен "мекенчилдикке тарбиялоо" медреселерде "исламды коргоо", "мусулманчылык парыз", "шейит", "мекен шейити" түшүнүктөрү менен жуурулуша баштаган. Бул кубулуш Түркия Селчук мамлекетинин (1075-1308) таалим-тарбия салттарында ачык байкалган. Бирок, түрктөр көчмөндүк доорунан мурастап алган эл жер үчүн жалтанбай күрөшө билүү сыяктуу өзгөчөлүгүн тарыхтын бардык этаптарында өнүктүрүп, кубаттуу империяларды курууга жетишишкен. Айрыкча түрктөрдүн ортосу узак Мазгрит (1071) жана Чанаккеле (1915-жылдын февралы 1916-жылдын январы) согуштарындагы патриоттук ишмердүүлүгү башка элдер, ал тургай ошол согуштарга катышкан душмандар тарабынан да чыныгы эрдиктин, мекенчилдиктин үлгүсү катары таанылган.

Түрк мамлекетинин өз чектерин кеңейтүү үчүн согушуу, империя куруу салттарында батыш дүйнөсүнө таандык "жеңүү" жана "башкаруу", "алуу" эмес, "бейкуттукту орнотуу", "берүү" түшүнүктөрү басымдуулук кылган. Карамагындагы башка калктар үчүн адилеттик орнотуу, аларды кем карчтан арылтуу, ошону менен бирдикте досу да, касы да бир болгон бирдиктүү коом түзүү идеологиясын тутунушкандыктан, Осмон империясы алты жүз жылдан ашык өмүр сүргөн. Осмон империясынын тушундагы мектептердеги билим берүүнүн тили жана мазмунундагы олуттуу айырмачылыктар коомдук мамлекеттик иденттүүлүгү жогору мекенчил жаштарды тарбиялоого, ал тургай, коомдун биримдигине доо кетирген. Ошондуктан, өздөрүнүн өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптарында улуттук өзгөчөлүктү коргоо, мекенчилдикке тарбиялоодо тилдин маанилүүлүгүн түшүнгөн жана буга байланыштуу бир катар чечкиндүү аракеттерди жасоого мажбур болушкан. 1277-жылы 13-майда Караман оглу Мехмет мамлекетте бир гана тилдин колдонулушун буйрук кылган. Мурат II (1421-1453) доорунда Ата Мекенге карата бекем сезимди өнүктүрүү үчүн тарыхты окутууга орчундуу орун бериле баштаган. Айрыкча, тарыхый билимдердин тематикасы олуттуу кеңейтилген. Көп кырдуу темалардын ичинде биз сөз кылып жаткан түрк элдеринин тарыхый тамырлары, аларга канатташ уруулар, элдер жөнүндөгү маалыматтар да

каттала баштаган. Алсак, бул доорго таандык Йазыжы заде Али тарабынан дастан жанрында жазылган «Теварихи Али Селчук» аттуу чыгармада түрк уруусу болуп саналган Огуздардын баатырдык, мекенчилдик салттары таасирлүү чагылдырылган. Реформалоо доорунда (1839-1878-жж.) ар түрдүү дин, тил жана маданияттардан түзүлгөн өлкө калкында бирдиктүү атуулдук сезимдерди калыптоо максатында "османлылык" (осмончулук) инсан модели сунуш кылынып "Ата Мекенди сүйүү" жана "османлылык" түшүнүктөрүн интеграциялоо аракети болгон. Бирок, мектептер билим берүүдө арап тилинен жана көп улуттуу элдердин түрдүү руханий баалуулуктарынан артка чегине албагандыгынан улам аталган иш чаралар жалпы "осмончулук мекенчилдигин" жарата алган эмес. Ошондуктан империянын соңку этаптарында "улут", "улутчулдук","түркчүлүк идеясы" деп аталган саясий концепция түзүү зарылдыгы келип чыккан. Анын негизги идеялары өнүктүрүлүп олтуруп, Зия Гокалптын "Түркчүлүктүн негиздери" аттуу китебинде жалпыланган. Европалык ой-түшүнүктөрдүн негизинде ал "осмончулук", "исламчылыкты" четке кагып түрк тилин империя ичиндеги бардык майда улуттарга жайылтуу аркылуу түрктөштүрүү жана модернизациялоо идеясын сунуш кылган. Мындай идеянын зарылдыгын жана Осмон империясына күнкор өлкөлөрдүн өздөрүнүн улуттук маданий автономдуулугу үчүн көтөрүлүшү жана анын негизинде келип чыккан 1912-жылкы Балкан согушу да ырасталган. Бул Түркияда таалим-тарбиянын стратегиясын улуттук баалуулуктар жана мекенчилдик түшүнүктөрүнүн негизинде кайра куруу багытындагы олутуу бурулуш болгон.

Ошол жылдары түзүлгөн "түрк очоктору" да коом мүчөлөрүн мекенчилдикке тарбиялоо, түркчүлүктү өнүктүрүүнү жана таратууну максат кылган. Ошондон улам ушул жылдарга таандык мектеп программаларында өлкөнүн түзүлүшү, улут түшүнүгү, мыйзам, межлис мекемеси, үй-бүлө, чөйрө, ата журтту сүйүү темаларына атайылап орун бериле баштаган. 1913-жылы башталгыч мектеп үчүн чыгарылган программада этика сабагынын ичине Ата-Журтту сүйүү темалары камтылган. Өлкөнүн түзүлүшү, улут түшүнүгү, мыйзам, межлис мекемеси, үй-бүлө, чөйрө ж.б. темаларды камтыган бул сабак республика дооруна чейин улантылып, башталгыч 4-5-класстарга берилген. Ошентип, Түркиянын Республика дооруна чейинки мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларында мамлекеттик идеологияда доминанттык мааниге ээ болгон маданий баалуулуктардын баарынын изи ачык байкалат.

Экинчи глава **«Түркия Республикасынын азыркы мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун өнүгүшү»** деп аталып анда изилдөөнүн үчүнчү жана төртүнчү милдеттери аткарылды. Бул милдеттердин алкагында абал Түркия Республикасынын куруучусу улуу



лидер Ататүрктүн аны дүйнөгө тааныткан баалуулуктардын эң башкысы жеке мекенчилдик үлгүсү, мекенчилдик жана улутчулдук жөнүндөгү долбоорлорду иш жүзүнө ашырган концепциясы ачыкталган. Анын "Менин жашоодогу жалгыз ардагым, байлыгым түрктүктөн башка нерсе эмес". "Мен түркмүн деген инсан кандай бактылуу" деген сөздөрү жана аларга айкалышкан ишмердүүлүгү бүтүндөй түрк улутун мекенчилдикке тарбиялоонун эң чечүүчү фактору, таасирдүү өрнөгүнө айланган. Ататүрк жаш муундардын түрк улутунун улуттук, адамдык, моралдык жана маданий баалуулуктарына ээ болгон, түрк болгону менен сыймыктанган, улутунун кызыкчылыктарын өз кызыкчылыктарынан жогору койгон, үй-бүлөсүн, өлкөсүн жана улутун сүйгөн, Ата Мекенинин алдындагы парзын билген, эркиндикти жана прогрессти жактаган, өз тарыхын абдан жакшы билген, дайыма алдыга карай жүргөн инсандардан болуусун каалаган. Ататүрк "Балдарыбыз жүрөктөрүндө жана рухтарында мамлекети үчүн өзүн аябай турган сезимди алып жүрүшү зарыл", – деп, мамлекеттик түзүлүштүн эртеңки тагдырын жаштарга тапшырган.

Ататүрктүн мекенчилдиги жана улутчулдук жөнүндөгү окуусу дүйнөлүк коомдук илимдердин контекстинде сейрек кездешүүчү оригиналдуу окуу. Анын пикиринде, ар бир адам үчүн өз жерин коргоо сезиминен өйдө сезим жок. Мекенге карата мамиле чыныгы адамгерчиликтин эң бийик чен-өлчөмү. Мустафа Кемаль да бул сезимге бардык инсандарга өрнөк боло турган деңгээлде ээ болгон жана муну мындай сөздөр менен тастыктаган: «Улуттар өздөрүнүн жерлеринин чыныгы ээси болуу менен бирге адамзатынын өкүлдөрү катары да ошол жерлерде жашашат. Ал жердин байлыктарынан өздөрү эле пайдаланбастан, бардык адамзатка пайда келтирүүгө милдеттүү болушат»[5].

Анын жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо мурасынын башатында улут жана мамлекеттин өнүгүшү жөнүндөгү иштеп чыккан принциптери жатат. Алар: улуттук тарыхка таянуу; түрк коомун заманбап цивилизациялардын катарына кошуу; түрк улутуна ишенүү; улуттук бирдик, биримдик ж. б.

Ататүрктүн принциптерине ылайык улуттар жашоосунда тарыхты, өз заманын жана келечекте кездеше турган окуяларды чогуу баалаганда гана ийгиликтүү натыйжаларды ала алышат. Улуттук тарыхына ээ боло албаган, бир тарыхты жаңы муундарга өткөрүп бере албаган улуттар жашоо жөндөмүн жоготушат. Тарыхый аң-сезим улуттун мекенчилдик сезимдерин алдыга сүрөгөн эң негизги күч болуп саналат. Ататүрк заманбап жашоого жетүү – бул өз баалуулуктарыбыздан, тарыхыбыздан

[5]Atatürkün Konfernasları, Atatürk adındaki medeniyet, dil ve tarih yüksek kurumu, Atatürk adındaki araştırma merkezi. – Ankara, 2000. – 123-s.

баш тартуу керек дегендик эмес деп баса белгилеген. Ататүрктүн мекенчилдикке тарбиялоо боюнча көз караштарынын өзөгүндө түрк улутун башка цивилизациялардын катарына кошуу жатат. Бирок, анын ою боюнча, эч бир улут башка бир улутту туурабашы керек. Анткени, мындай улут тууракан улутка да кошула албайт, өзүнчө улут да боло албайт. Бул коомдук-тарыхый өнүгүүдөгү олуттуу катачылык экендиги көп мамлекеттердин тажрыйбалары аркылуу тастыкталган. Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоонун эң негизги мазмунун Ататүрктүн пикиринде өз маданий салттарына болгон урматтоо сезими түзөт. Улуттук маданиятына ээ боло албаган, ал баалуулуктарды керектүү деңгээлде кабыл ала албаган коомдун күчтүү болуусу жана жашоосун улантуусу мүмкүн эмес. Ататүрк «Өз маданий баалуулуктарын сыйлабаган улуттар башка улуттарды да сыйлабайт», – деп айткан. Түрк улутуна ишенүү ал негиздеген принциптердин үчүнчүсү. Ататүрк жаш кезинен эле түрк улутунун улуулугун түшүнгөн жана түрк элинин духуна, эркине, мүнөзүнө ишенген. Түрк улутунун адеп-ахлагын, түзүлүшүн, маданиятын, тарыхын ар кандай сөздөрүндө белгилеген жана бардык ийгиликтери түрк улутуна гана таандык экенин билген. Улуттук боштондукту түрк улутуна ишенгендиги үчүн баштаган жана «байлыгыбыз – эркиндиктин жана мекенчилдиктин баркын билген элбиз» деген сөздөрү менен түрк улутуна болгон ишенимин тастыктаган.

Республика курулган алгачкы жылдардан баштап эле, Ататүрктүн осуяттарына ылайык мекенди сүйүүгө тарбиялоо анын билим берүү системасынын доктринасынын негизин түзүп келет. Анын негизги жоболору билим берүү мыйзамдарынын атайын беренелеринде жана башка мыйзамдык актыларда белгиленген. Түркия мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун мазмунун төмөнкүдөй компоненттерге бөлүп кароого болот: *когнитивдик (таанымдык) компонент* окуучулардын мекен жана мекенчилдик жөнүндөгү түшүнүктөрүн, билимдеринин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. *Көз караштык-дөөлөттүк компонент* – окуучулардын Ататүрктүн мекенчидик идеяларына негизделген түшүнүктөрүнө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт. *Жүрүм-турумдук компонент* – инсандын реалдуу мекенчилдик аракетери жорук жосундары аркылуу ачыкталат. Бул компоненттердин критериалдык мүнөздөмөлөрү диссертацияда берилген.

Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун жогоркудай көп кырдуу мазмуну контексттик ыкма менен гуманитардык сабактардын программаларында, окуу китептеринде долбоорлонгон. Аталган милдеттерди программалуу пландуу ишке ашырууда борбордук орун курамына Түркиянын тарыхы, байыркы түрк мамлекеттери жөнүндө



маалыматтарды, ынкылаптардын тарыхы жана Ататүркчүлүк, өлкөнүн калыптаныш өнүгүшүндөгү элдин эрдиктери өлкөнүн географиялык чөйрөсү сыяктуу маалыматтарды камтыган "Социалдык билимдер" сабагына таандык. Жаш муундарды Ататүрктүн мекенчилдик өрнөгүндө тарбиялоо максатында тарых блогуна "Өтүмүшүмдү үйрөнүп жатам" деген бөлүмүнө "Ататүрк мектепте", "Траблусгаптан Чанаккалеге", "Мустафа Кемаль", "Самсунга аттанды", "Севрди көздөй", "Фронттор", "Баатырларыбыз жана боштондук согушунда түрк аялдары", "Республика курулууда", "Ататүркчө ойлонуу системасы", "Ататүрктүн принциптери", "Жашасын республика", "Ататүрк жана аял укуктары". "Акыркы күндөр" сыяктуу темалар киргизилген.

Окуучуларда өз өлкөсүнүн кооз жана сулуу жайлары, кен байлыктары, өндүрүштөгү жетишкендиктери бүт дүйнө ичиндеги орду жана дүйнөлүк процесстерге таасири менен сыймыктануу сезимин өнүктүрүү үчүн географиялык билимдердин мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга олуттуу маани берилет.

Ал эми 2001-жылы окуу планына киргизилген «Атуулдукка үйрөнүү» сабагы да тикеден-тике мекенчилдикке тарбиялоонун окуучулардын улут, мамлекет жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетүү, улутуна татыктуу болуп өсүшүнө ынандыруу; мекенге, мамлекетке анан улутуна кызмат кылууну көздөп жашоону үйрөтүүгө багытталат. Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо өз ичине адабий жана тилдик билимдерди синтездеген "Түркчө" сабагынын таанымдык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү өзгөчө маанилүү детерминант болуп эсептелет. Түркчө сабактарында "Ата Мекен", "адам туулган жер", "киндик кан тамган жер" деген түшүнүктөр Ахмеди, Жем Султан, Фузули, Гедаи, Багдатлы Рухи, Усули, Гевхери, Гази Ашык Хасан, Зүлали, Байбуртлу Зихни, Эрзурумлу Эмрах, Ашык Керем, Дертли, Каражаоглан, Сейрани жана Сүмманымдын чыгармалары аркылуу образдуу жана таасирдүү чечмеленет.

Түркияда мектептин, мугалимдердин мекенчил инсандарды даярдап чыгаруу функциясы мыйзамдык актылар аркылуу бекемделет. Мыйзамдарга ылайык, мектеп жана анын таалим-тарбия мазмуну жаш муундардын билиминде, ойлоо багытында, туткан позициясында жүрүм турумунда улуттук жана мамлекеттик баалуулуктарды өнүктүрүү милдетин аркалашы шарт. Мугалимдин түрк улуттук мекенчилдигине берилип иштөө убадасы, парызы "Расмий ант" менен да тастыкталат.

Түркиянын мектептеринин мекенчилдикке тарбиялоо практикасында байыртан түптөлүп, салттуу педагогикалык маданиятта туруктуу орун алып калган керээз, үлгү, өрнөк, насаат айтуу сыяктуу методдорду актуалдаштырууга олуттуу көңүл бурулат, ошондой эле проблема чечүү, өрнөк окуя, талкуу, долбоор кыйыр үйрөтүү, кызматташып үйрөнүү,

тажрыйба аркылуу үйрөнүү сыяктуу баланы тарбиялоо процессинин борборуна койгон окуучу таламдуу стратегияларына да көбүрөөк орун берилет.

Түрк коомунун фундаменти – үй-бүлө болуп эсептелет. Мектеп жана ата-энелердин окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо жаатындагы биргелешкен иш аракеттери Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген "Мектеп жана үй бүлөнүн иш бирлиги" туралуу жобо аркылуу жөнгө салынат. Жүргүзүлгөн изилдөөдө түрк мектептеринин үй-бүлө менен балдарды мекенчилдикке тарбиялоону жакшыртуунун тажрыйбалары талдоого алынган.

Аларга төмөнкүлөр кирет:

– ата-энелер менен бирдикте балдардын мекенге карата берилгендигин калыптандырууга багытталган коллективдүү, топтук жана жекече иш чараларды координациялоо;

– элдик тарбия берүүнүн салттуу усулдарына таянуу менен мекенчилдикке тарбиялоого багытталган улуттук майрамдарды өткөрүү ж.б. иш чараларга ата-энелерди тартуу;

– үй-бүлөдө балдарды мекенчилдикке тарбиялоонун позитивдүү тажрыйбаларын окуп-үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу, ата-энелерге алардын үй-бүлөлүк тарбиялоодо кетирип жүргөн типтүү катачылыктарды түшүндүрүү;

– ата-энелердин өздөрүнүн мекенчилдик сапаттарын жогорулатууга, педагогикалык билимге өз алдынча ээ болууга умтултуу жана өздөштүргөн жаңы билимдерин үй-бүлөлүк тарбия берүү процессинде пайдаланууга үйрөтүү.

Мугалимдер ата-энелер менен бирдикте окуучуларды Ата Мекендин ыйык символдоруна, алар аркылуу өз өлкөсүнө, эли-жерине, тарыхына жана маданиятына карата иш жүзүндөгү урмат-ызаат сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө боло алуучу улуу жеңиштерге байланыштуу майрамдарга, өлкөнүн өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ тарыхый жерлерге электрондук жана жандуу экскурсияларга катыштыруу, эрдиктерди эскерүү кечелерге, туу көтөрүү аземине, айрым ата энелердин балдарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча өрнөктүү тажрыйбаларын үйрөнүүгө катыштырышат.

Үчүнчү глава **"Түркия Республикасынын окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларынын Кыргызстандын мектептеринде колдонуунун жолдору"** деп аталып, анда изилдөөдө белгиленген бешинчи милдет аткарылды. Мурдагы бөлүмдөрдө тастыкталгандай, Түркия мектеп окуучуларын жана жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча кайтарымдуу тажрыйба жарата алган өлкө. Кыргызстанда түрк мектептеринин окуучуларын, жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо



боюнча тажрыйбаларынын өрнөктүү жактарын колдонуу жаатында саясий жана социалдык-педагогикалык өбөлгөлөр жетиштүү. Диссертациялык изилдөөбүздүн бүтүндөй контекстинде ачыкталып келе жаткандай, кыргыз жана түрк элдеринде жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы баалуулуктарыбыздын тарыхый тамырлары бир. Бул биримдикти, тектештикти бекемдөөгө карата орошон осуяттар менен санат сабактар бардык түрк элдеринин руханий мурастарында ташка тамга баскандай катталып калган. "Кыргыз санжыраларында «бир атанын балдарыбыз», «түбүбүз бир түрк балдарыбыз», «топурагыбыз бир» деген түшүнүктөр көп кайталанат. Эки боордош өлкөнүн узак мезгилдер бою үзүлүп калган байланыштары Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн баштап кайра калыбына келтирилип саясий-экономикалык, дипломатиялык, маданий багыттарда туруктуу жана динамикалуу өнүгүп бара жатат. 1997-жылы 24-октябрда Анкара шаарында "Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын түбөлүк достугу" келишими бекитилген. Ал эми 1999-жылдын 1-июлунда "XXI кылымга бирге» аттуу кыргыз-түрк кызматташтыгын өнүктүрүүгө багытталган өтө маанилүү саясий-тарыхый документке кол коюшкан. Европа Биримдигине кирген мамлекеттер жакынкы тарыхта мезгилдерде эле согушуп, душмандык мамилелерде болгондугуна жана орток тилинин болбогондугуна карабастан, "европалыктар" деген иденттүүлүктү калыптандыруу максатын көздөп жатышат. Ал эми кыргыздар жана түрктөр орток тарыхка, маданиятка, тилге, дилге ээ. Бул орток баалуулуктар окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларын өз ара үйрөнүүгө олуттуу өбөлгө боло алат.

Учурда таалим-тарбия чөйрөсүндө өз ара таасирлешүү, тажрыйба алмашуу бирдиктүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу боюнча орток долбоорлордун иштелип чыгышы жана аны ишке ашырууну көзөмөл туткан окуу жай мектептердин катары да жыл сайын өнүгүп бара жатат.

Кыргызстан инсанды калыптандыруунун мазмунун улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде иштеп чыгууга умтулган өлкө. Улуттук руханий жүзүн, дараметин сактап, келечек муундарга өткөрүп берүү, урпактарды улуттун эгемендүүлүгүнүн чыныгы ээси катары тарбиялоо боюнча масштабдуу долбоорлор иштелип чыккан. Бул идеяларды ишке ашырууда башка өлкөлөр менен катар тарыхы, тили, дили орток Түркиянын тажрыйбаларынын пайдалуу болоорунан шек саноого болбойт. Демек, азыркы ааламдашуу доорундагы Кыргызстан жана Түркиянын коомдук-саясий, билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара биримдикке, интеграцияга умтулуу тенденциялары таалим-тарбия

тармагындагы тажрыйбаларын өз ара үйрөнүү, колдонуу багыттарын өркүндөтүүгө өбөлгө боло алат.

Ар кандай тажрыйбанын өрнөктөрү башка өлкөлөр, айрыкча Кыргызстандын таалим-тарбия системасы үчүн да маанилүү экендигинен шек саноого болбойт. Бирок, ар кандай тажрыйбаны тикеден-тике кайталоо же көчүрүү опурталдуу. Бул жөнүндө Мустафа Кемаль Ататүрк төмөнкүчө эскерткен: «Изилдөөлөрүбүздө биз алгач өз өлкөбүздү, тарыхыбызды, үрп-адаттарыбызды, өзгөчөлүктөрүбүздү жана муктаждыктарыбызды үйрөнүшүбүз керек. Акылдуу инсандарыбыз, балким, бүтүн дүйнөнү, баардык улуттарды таанышы мүмкүн. Башка өлкөлөр кандай болсо, өз өлкөбүздү да ошондой деңгээлге жеткире ли дешет. Бирок, мындай теория эч кайсы доордо ийгиликке жетишкен эмес. Ошондуктан, элибизге жол көрсөтүп жатып, дүйнөнүн ар кандай билиминен пайдаланып бирок, негизин өз ичибизден алуубуз зарыл экенин унутпайлы»[6]. Андыктан, таалим-тарбия чөйрөсүндө мындай иш аракетти уюштуруунун методологиясы жана методдоруна таянуу зарыл. Диссертант Кыргызстандын таалим-тарбия системасын он төрт жылдан бери ичтен билген практик-педагог катары өз изилдөөсүнө таянуу менен Республиканын мектептеринде окуучуларды мекенчилидикке тарбялоо боюнча төмөнкүдөй иш чараларды жүзөгө ашыруу зарылдыгын белгилейт:

1. Мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоо жана коомдо антипатриоттук көз караштардын жайылышын чектөө боюнча мыйзамдарды кабыл алуу. Бул мыйзам тарбия билим берүү ишине катышы бар бардык субъекттердин жоопкерчилигин жана милдеттерин камтыш шарт.

2. Инсандардын мамлекеттик, улуттук-маданий идентүүлүгүн калыптандырууга багытталган коомдук идеяларды жана идеологиялык дөөлөттөрдү айкындоо жана аларды тарбиялоо концепциясы формасында иштеп чыгуу. Түркия Республикасынын тажрыйбалары көрсөткөндөй, бул иш башкаларды туурабаган Кыргызстандын өз топурагынын социалдык мейкиндигиндеги акыйкаттарга негизделгенде гана кайтарымдуу боло алат.

3. Окуу программаларынын мазмунунда кыргыз элинин дүйнө элдеринин арасындагы татыктуу орду, тарыхындагы сыймыктуу окуялар, жараткан материалдык жана руханий дөөлөттөрү, сыймык жараткан "идеал-символ" инсандары татыктуу орун алып аң сезимдүү өздөштүрүлүшү зарыл. Дүйнө элдерин суктандырган эпостук образдарды албаганда деле Атаке, Балбай, Тайлак сыяктуу ж.б. алптардын, ошондой

[6]Atatürkün Konfernasları, Atatürk adındaki medeniyet, dil ve tarih yüksek kurumu. Atatürk adındaki araştırma merkezi. – Ankara, 2000 – 123-s.



эле республиканын соңку тарыхындагы социалдык-саясий акыйкатсыздыкка каршы күрөштүн каармандары мекенчилдиктин үлгүсү боло алат.

4. Кыргыздар хун доорундагы байыркы жана орто кылымдарга таандык жазма руханий эстеликтердин тең ата ээси. Алсак, "Коркут Баба китеби", Ж.Баласагындын "Кут алчу билим" дастандарындагы мекен, адам парызы жөнүндөгү баалуулуктарды кеңири колдонуунун шарттарын айкындоо зарыл.

5. Түркия жана башка өлкөлөрдүн мектептеринде сыноодон өткөн окуучу жаштардын мекенчилдик патриоттук ишмердүүлүгүнө шыктандыруу, үйрөтүү методдорун, технологияларын чыгармачылык менен пайдалануу зарылчылыгы бар. Мисалы Түркияда мамлекеттик гимн, тууга байланыштуу иш чаралар мекенчилдикке тарбиялоонун таасирдүү жолдору катары тастыкталган. Диссертацияда изилдөөнүн натыйжаларында кыргыз мектептеринде мекенчилдикке тарбиялоону өркүндөтүүгө пайдалуу тажрыйбалар, сунуш кеңештер кеңири ачыкталган.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Түркиянын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый жактан калыптанышын, өнүгүү тенденцияларын айкындоого багытталган диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй натыйжалар алынды:

1. Дүйнө цивилизацияларындагы мекенчилдикке тарбиялоонун мазмуну «Ата-Журт» жана «Ата Мекен» деген жалпы түшүнүктөргө негизделгени менен тарыхый, социалдык өнүгүшүнө жараша өзгөчөлүктөргө ээ болгондугун көрсөттү. Түрк элдеринде мекен түшүнүгү "аталардын жер-суусу", "улус", "үлүш", "билает", "эл журт", "киндик кан тамган жер" туюнтулса, орус элинде "отчизна", "родина" (аталар мекени) сыяктуу метафоралар катары катталып калган. "Мекенчилдик" жана "улутчулдук" маани-маңызы боюнча айырмалуу түшүнүктөр. Мекенчилдик элине, жерине, ал өлкөгө берилүү, өлкөнү сындоо, коомдук активдүүлүк сыяктуу критерийлер менен өлчөнөт.

2. Байыркы мезгилден республика курулганга чейинки Түркиядагы мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбалары түрк этносунун өнүгүшүнө байланыштуу эволюциялык процесстер менен тыгыз байланыштуу. Түркия түрктөрүнүн мекенчилдикке тарбиялоо маданиятынын исламга чейинки мезгилинде Борбордук Азияда жашаган калктар менен тектештик, орток баалуулуктар үстөмдүк кылса, исламды кабыл алгандан кийин диний ишенимдердин жана жаңы мекендеги тилдик жана маданий таасирлердин негизинде олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон.

3. Түркиянын улуу лидери Мустафа Кемаль Ататүрктүн жаңы Түрк Республиканын моделине байланыштуу көз караштарынын өзөгүндө өзүн элинин тарыхы менен тутумдаш туйган, түрк улутунун маданий баалуулуктарына ээ болгон, түрк болгону менен сыймыктанган, улутунун кызыкчылыктарын өзүнөн өйдө койгон, Ата Мекенинин алдындагы парызын абийир менен аткара билген, эркиндикти жана прогрессти жактаган жарандарды тарбиялоо идеялары жатат. Бул идеялар азыркы түрк мектептеринде мекенчилдикке тарбиялоонун мамлекеттик доктринасынын өзөгүн, өнүгүш багыттарын аныктап турат.

4. Түрк мектептеринде окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо мамлекеттик идеологиялык стратегиялык милдет катары конституцияда жана башка мыйзамдык актыларда системдүү чагылдырылганы айкындалды. Мектептердин мекенчилдикке тарбиялоо ишинин мазмуну *когнитивдик* – окуучулардын мекен жана мекенчилдик жөнүндөгү түшүнүктөр, билимдер, *көз караштык* – Ататүрктүн мекенчидик идеяларына карата ишенимдерин, ынанымдар; *жүрүм-турумдук* реалдуу мекенчилдик аракеттери, жорук жосундары, компоненттери таризинде гуманитардык сабактардын окуу программаларында, окуу китептеринде өзөктүү максат, милдети катары долбоорлонуп салттуу жана заманбап методдор аркылуу мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу жүзөгө ашат.

5. Изилдөөнүн натыйжалары Кыргызстанда окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо ишин өркүндөтүүдө орток баалуулуктарга ээ Түркия Республикасынын тажрыйбаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү кеңири ээ экендигин тастыктады. Ал тажрыйбаларды колдонуунун негизги багыттары катары төмөнкүлөрдү айкындадык: коомдо антипатриоттук көз караштардын жайылышын чектөө боюнча мыйзамдарды кабыл алуу; улуттук маданий идентүүлүгүн, мекенчилдигин калыптандырууга багытталган концепцияларды иштеп чыгуу; окуу программаларынын мазмунун өз элинин тарыхы, “идеал-символ” инсандары менен сыймыктануу сезимин жаратуучу материалдар менен өркүндөтүү; түрк мектептеринде сыноодон өткөн окуучуларды мекенчилдикке шыктандыруу, үйрөтүү методдорун, технологияларын, мамлекттик гимн, тууга байланыштуу иш чараларды республиканын өзгөчөлүктөрүнө ылайык өркүндөтүү.

Бул изилдөө Түркия Республикасында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый жактан калыптанышын өнүгүш тенденцияларын изилдөө жана анын өрнөктүү жактарын Кыргызстанда колдонуу жолдорун аныктоо жаатындагы алгачкы саамалык. Мында тандалып алынган теманы акыр аягына чейин толук ачып көрсөтүү жана каралган маселелерди биротоло чечүү максаты коюлган эмес. Жүргүзүлгөн иштин



сонунда жетишилген натыйжаларга ылайык бизди кызыктырган проблеманын айрым аспекттеринин мындан аркы изилдениши боюнча прогноз жасоого болот. Бул аспекттерге төмөндөгүлөрдү кошууга болот: түрк жана кыргыз элдеринин педагогикалык маданиятындагы орток баалуулуктары боюнча салыштырма изилдөө жүргүзүү; жалпы түрк элдерине таандык фольклордук жана жазма булактардагы мекенчилдикке тарбиялоо идеяларын изилдөө; түрк элдеринин орток руханий-педагогикалык дөөлөттөрүн мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балдарды тарбиялоодо колдонуунун теориялык жана методикалык маселелерин иштеп чыгуу.

Биздин изилдөөбүз жогоруда белгиленген илимий проблемаларды чечүүгө негиз боло алат деген ойдобуз.

**Диссертациянын негизги мазмуну жана жыйынтыктары төмөндөгү эмгектерде жарыяланды:**

1. Йылдыз, Т. Түркия мамлекетинде ата мекен сүйүү түшүнүгү [Текст] / Т. Йылдыз // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – Бишкек, 2010. –№5. – 608-610-бб.

2. Йылдыз, Т. Байыркы түрк калктарынын мекенчилдикке тарбиялоо салттарындагы орток баалуулуктар [Текст] / Т. Йылдыз // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2010. – №6. – 206-210-бб.

3. Йылдыз, Т. Мустафа Кемаль Ататүрк Түркияда жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун баалулуктарын негиздөөчү катары [Текст] / Т. Йылдыз // Эл агартуу. – Бишкек, 2011. – №11-12. – 39-45-бб.

4. Йылдыз, Т. Патриоттулукка тарбиялоо боюнча көз караштардын өнүгүш эволюциясы [Текст] / Т. Йылдыз // Известия Вузов. – Бишкек, 2011. – №6. – 252-255-бб.

5. Йылдыз Т. Исламды кабыл алгандан Республика болгонго чейинки Түрк мамлекеттериндеги патриоттулукка тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү [Текст] / Т. Йылдыз // Эл агартуу. – Бишкек, 2011. – №7-8. – 42-49-бб.

6. Йылдыз, Т. Түркияда Республика курулгандан баштап мектептерде мекенчилдикке тарбиялоонун мазмунунун өнүгүшү [Текст] / Т. Йылдыз // Эл агартуу. – Бишкек, 2011. – №11-12. – 32-38-бб.

7. Йылдыз, Т. Түркия мамлекетинде тарыхый жерлер жана музейлер окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбалары [Текст] / Т. Йылдыз // ЖАГУнун Жарчысы. – Жалал-Абад, 2012. – №1(26). – 228-231-бб.

8. Йылдыз, Т. Роль Мустафа Кемаль Ататурка в развитии системы воспитания молодежи к патриотизму [Текст] / Т. Йылдыз // Высшая школа Казахстана. – Алматы, 2012. – №1. – С. 116-121.

9. Йылдыз, Т. Турциянын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо "Социалдык билимдер" сабактарынын орду [Текст] / Т. Йылдыз // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2013. – №1. – 78-82-бб.

10. Йылдыз, Т. Вопросы освещения темы национальной культуры в учениках турецкого язика [Текст] / Т. Йылдыз // Наука і Освіта. – Киев, 2014. – №7. – С. 175-177.



**Йылдыз Текиндин "Түркия Республикасынын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары" аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** мекен, мекенчилдик, тарбиялоо, окуучулар, мектеп, үй-бүлө, Түркия Республикасы, тарых, өнүгүш, дөөлөт, социалдык билимдер, мугалим.

**Изилдөөнүн максаты:** Түркиянын башталгыч мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый жактан калыптанышын өнүгүш тенденцияларын айкындоо.

**Изилдөөнүн объекти:** Түркия Республикасынын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо.

**Изилдөөнүн предмети:** окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси:** мекенчилдикке тарбиялоого байланыштуу түрк дүйнөсүндө жана башка маданияттар мейкиндигинде калыптанган түйүндүү идеялар жана түшүнүктөрдүн жалпы жана айырмалуу жактары салыштырылып талдоого алынды; байыркы мезгилден Республика курулганга чейинки Түркиядагы мекенчилдикке тарбиялоо системасынын өнүгүшү жана калыптанышы айкындалды; Түркия Республикасынын улуу лидери Мустафа Кемаль Ататүрк жана жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун баалуулуктарын өнүктүрүүдөгү ролу ачылып көрсөтүлдү; Түркия Республикасынын азыркы мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо практикасындагы өрнөктүү тажрыйбалар талдоого алынды; Түркия Республикасынын окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын кыргыз мектептеринде колдонуунун жолдору аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу.** Теориялык жактан талдоого алынган материалдар Түркия Республикасындагы билим берүүнүн тарыхын жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Салыштырма педагогика», «Этнопедагогика» сабактарында толук чагылдырууга өбөлгө болот. Изилдөөнүн материалдары кыргыз мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүгө өбөлгө боло алат. Диссертацияда иштелип чыккан теориялык жоболор жана корутундулар Кыргызстанда жана Түркияда тарыхый педагогикалык изилдөөлөрдүн объекттик жана предметтик чектерин кеңейтүүдө колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Йылдыз Текин на тему "История и тенденции развития патриотического воспитания школьников в школах Турецкой Республики" на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** родина, патриотизм, воспитание, ученики, школа, семья, Турецкая Республика, история, развитие, государство, социальные науки, учитель.

**Цель исследования:** определение тенденций развития исторического образования в воспитании к патриотизму учащихся начальных школ Турецкой Республики.

**Объект исследования:** патриотическое воспитание школьников в школах Турецкой Республики.

**Предмет исследования:** история и тенденции развития патриотического воспитания школьников.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:** определены и конкретизированы общие и отличительные черты понятий и основных идей среди тюркских народов и в других цивилизациях, связанные с воспитанием детей к патриотизму; определены становление и развитие системы воспитания к патриотизму в Турции с древних времен до образования Республики; выявлена роль великого лидера Турции Мустафы Кемаль Ататюрка в развитии ценностей воспитания молодежи к патриотизму; исследованы тенденции развития патриотического воспитания в современных школах Турецкой Республики; определены политические и социально-педагогические предпосылки и пути использования опыта Турции по патриотическому воспитанию в школах Кыргызстана.

**Практическая значимость исследования.** Материалы исследования могут способствовать более глубокому изучению истории образования Турецкой Республики в рамках вузовских учебных дисциплин "История педагогики", «Педагогические теории, системы и технологии», «Сравнительная педагогика», «Этнопедагогика». Материалы исследования также могут служить предпосылкой совершенствования содержаний, форм и методов патриотического воспитания в школах Кыргызстана. Теоретические положения и выводы могут быть использованы в процессе подготовки исследований по истории и традиции патриотического воспитания, расширении объектного и предметного поля историко-педагогических исследований.



## SUMMARY

**dissertation research Yyldyz Tekin on the subject "History and tendencies of development of patriotic education of school students at schools of the Republic of Turkey" on competition of an academic degree of the candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.01 – the general pedagogics, history of pedagogics and education**

**Keywords:** homeland, patriotism, education, pupils, school, family, Republic of Turkey, history, development, state, social sciences, teacher.

**Research objective:** definition of tendencies of development of historical education in education to patriotism of pupils of elementary schools of the Republic of Turkey.

**Object of research:** patriotic education of school students at schools of the Republic of Turkey.

**Subject of research:** history and tendencies of development of patriotic education of school students.

**Scientific novelty and theoretical importance of research:** the common and distinctive features of concepts and main ideas among the Turkic people and in other civilizations, connected with education of children to patriotism are defined and concretized; formation and development of an educational system to patriotism in Turkey since ancient times before formation of the Republic are defined; the role of the great leader of Turkey Moustapha Kemal of Ataturk in development of values of education of youth to patriotism is revealed; tendencies of development of patriotic education at modern schools of the Republic of Turkey are investigated; political and social and pedagogical prerequisites and ways of use of experiment of Turkey on patriotic education at schools of Kyrgyzstan are defined.

**Practical importance of research.** Materials of research can promote deeper studying of history of formation of the Republic of Turkey within high school subject matters "Pedagogics history", "Pedagogical theories, systems and technologies", "Comparative pedagogics", "Etnopedagogika". Research materials can also serve as the prerequisite of improvement of contents, forms and methods of patriotic education in schools of Kyrgyzstan. Theoretical provisions and conclusions can be used in the course of preparation of researches on history and tradition of patriotic education, expansion of an object and subject field of historical and pedagogical researches.

Басууга кол коюлду 15.01.2015
Форматы: 60х84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,6 б.т. Нускасы: 100

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru